Жогорку эпизоддон **Алаш** эли, тактап айтканда ( кыргыз, казак, түрк, өзбек ж.б.) көптөгөн улуттар азаттыктыкты, эркиндикти каалаган Алаш эли кул болууну ар качандан бир качан каалабайт. Тескерисинче, ынтыкмактыкты, тең өсүп-өнүгүүнү эңсеген идеяны көрсөтмөкчү.

Натыйжада, тектеш улуттар, тууган чалыш уруулар жалпы бир болуп, душманга каршы аттаныш үчүн баш кошууну туура табышып, Сагымбайдын вариантында белгиленгендей, башында Жакып, Акбалта турушуп калмактарга каршы аттанып кыр көрсөтүшүп, Кыргыз урууларынын социалдык эле эмес, саясий абалы да туруктуулукка ээ болуп келе жаткандыгынан дарек берет.

Студенттерге айтылган жагдайларды окутуп, үйрөтүүдө заманбап технологиянын жардамы менен берүү, түшүндүрүү ар бир окутуучунун милдети.

Бүгүнкү күндө "улут достугу же эл достугу", "Эки же андан көп эл ортосундагы көпүрө", деп аталган маселе дайыма маанилүү болуп келген. Андыктан, студенттерди толлеранттуулукка тарбиялоо маселеси да четте калбашы керек.

Дүйнөдө теңдеши жок "Манас" эпосундагы ар тараптуу илимдердин уюткусу болгон, кыргыз элинин рухий дөөлөтүн бир сааттык иш-чарада чечип, жыйынтыкка келүү акылга сыйбаган нерсе. "Манас" эпосунун изилденбеген жактары да толтура. Үзгүлтүксүз иштөөнү, изилдөөнү талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ж.Мамай варианты "Манас" [1-том, 23-60-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
2. Ж.Мамай варианты "Манас" [1-том, 147-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
3. Сагымбай Орозбаковдун варианты "Манас" [1- китеп,145-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1979-ж.
4. Сагынбай Орозбаковдун варианты "Манас" [4- китеп,186-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1982-ж.
5.Саякбай Каралаевдин варианты "Манас" [2-китеп, 87-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1986-ж.
6. Ж. Мамай варианты"Манас" [1-том, 270-355-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
7. Жапаралиева Н. "Манастаануу" ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу программасы жана методикалык колдонмо.- Б., [20-бет] 2010.

**Рецензент: д.и.н., проф. Алымкулова С.К.**

УДК 7.03

**Закиров У.А.**

Улуттук Илимдер Академиясынын философия жана саясий укуктук илимий изилдөөлөр институтунун аспиранты,

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университенин Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин "Көркөм сүрөт жана дизайн" кафедрасынын доцентинин м.а

## НИДЕРЛАНД ИСКУССТВОСУДАГЫ КАЙРА ЖАРАЛУУ ДООРУНУНА МҮНӨЗДҮҮ БОЛГОН БЕЛГИЛЕРИ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Адамдын дене түзүлүшүн изилдөөгө алуу менен жаралган чыгармалар Кайра Жаралуу доорунун мүнөздүү белгилери катары эсептелинет. Ошол эле мезгилде адамдарды*

*өзүнөн көрүп тартуу жана чындыкка жеткире иштөө өзүнүн жогорку чегине жеткен. Мисалга алчу чыгармачыл инсандар жана изилдөөгө алуучу сүрөтчүлөр катары Нидерландия Кайра Жаралуу доорунун белгилүү сүрөтчүлөрү Хубберт (болжол менен, 1370-1426-ж) жана Ян Ван Эйктерди (болжол менен, 1390-1441-ж) белгилейбиз. Адам баласынын дене түзүлүшү изилдеп бүткүс чыгармачыл иш аракеттин булагы катары каралып, кудайлардын образын адамга окшотуп жаратуу максат катары коюлган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *кайра-жаралуу доору; эстетика; диний маселелер; живопись; мозаика; чыгармачылык; картина; пейзаж; нидерланд искусствосу ж.б.*

**Закиров У.А.**

Аспирант Национальной Академии Наук Кыргызской Республики,
И.о. доцента кафедры "ИЗО и дизайна" факультета художественной культуры и образования.
Кыргызского государственного университета им. И.Арабаева

## ОСОБЕННОСТИ И ХАРАКТЕРНЫЕ СЛЕДЫ ИСКУССТВО ЭПОХИ ВОЗРОЖДЕНИЯ В НИДЕРЛАНДСКОМ ИСКУССТВЕ

*Человеческое тело было основным источником вдохновения и объектом исследования в искусстве эпохи Возрождения. Сходство с действительностью достигло такой степени, что персонажи, изображенные в произведениях, казались живыми. Творчества Хуберта (1370-1426-г.) и Яна Ван Эйков(1390-1441-г.) и ихня произведения.*

*Для художников и учёных человеческое тело является бесконечным источником. Они постоянно улучшают свои знания и навыки, изучая тело человека. Физическое совершенство отражало преобладающее тогда представление, что человек создан по образу и подобию Бога. Боги были действительно персонифицированы и изображены как люди, с особенностями, которые были более присущи человеку.*

**Ключевые слова:** *эпоха возрождения; эстетика, картина; пейзаж; мозаика; живопись; творчество; религиозные проблемы; нидерландское искусство и т.д.*

**U.A. Zakirov**

Post-graduate student of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,
Kyrgyz State University named after I. Arabaev. Faculty of Art Culture and Education. Department of "Fine Arts and Design"

## FEATURES AND DISTINCTIVE TRACES OF RENAISSANCE ART IN DUTCH ART

*The human body has been the main source of inspiration and object of study in the art of the Renaissance. The similarity with reality has reached such an extent that the characters depicted in the works, seemed vibrant creativity of Hubert (1370-1426-g.) and Jan van Jejkov (1390-1441-and their GE works. For artists and scientists, the human body is an infinite source. They constantly improve their knowledge and skills by studying the human body. Physical perfection reflected the prevailing view then that man is created in the image and likeness of God. The gods were really personified and depicts how people, with features that were more inherent in man.*

**Keywords:** *Renaissance; jestetikakartina; landscape; mosaics; painting; creativity; religion; the Dutch art, etc.*

Нидерланддык живопистик чыгармаларын жазуудагы улуттук үрп-адатарынын калыптануусуна Италия искусствосу чоң таасирин тийгизген.

“Белгилей кетчү негизги өзгөчөлүк катары, Нидерландия искусствосундагы кайра жаралуу дорунун белгилери биринчи кезекте китеп миниатюрасында башталгандыгы.”[1] Мына ошол искусствонун таасирлеринен улам, нидерландык живопистик чыгармаларда сезимталдык кабылдоолорунун жана дүйнө мейкиндигинин маселелирин баштарынан өткөрүшкөндүгү, алардын жашоосунун болмуштары күнүмдүк оокаттары, предметтик нерселердин көлөмдүүлүктөрү, предметтик ар түркүн түзүлүштөрдү, адамзаттын түгөнгүс маселелери, жаратылыштын кубулуштары жана көзгө көрүнгөн заттардын образдарын көркөмдөө негизги чыгармачыл изденүү болуп, жаңыча образдык кубулуштары пайда болот, башкача айтканда же жаны замандын тили менен айтканда дизайндик ийкемдүүлүктөрдү жаратууга бел байлашат.

Нидерланддык Кайра Жаралуу доорунун искусстводогу борбордук эстелиги болгон живопистик чыгармасы “Гентский альтарь” деп аталат, ал 1432-жылы аткарылган, картиналык чыгарманы эки бир тууган сүрөтчүлөр аткарышкан: Хубберт ( болжол менен, 1370-1426-ж) жана Ян Ван Эйктер (болжол менен, 1390-1441-ж) аткарган. Бул чыгарманы эки бир туугандардын улуусу Хубертке заказ катары аткаруусуна чиркөөнүн атайын белгиленген кардиналдардын тобунан турган комиссиясы тапшырган. Хуберт бул чыгармасын аткарып жатып ден-соолугуна байланыштуу ооруп калат. Натыйжада ал бул чыгармачыл жумушту баштап, бирок аягына чейин чыкпай каза болуп кетет. Ошондуктан Гентский альтардык фрескалык чыгарманы толугу менен жараткан жана анын аягына чейин чыгарып, жогорку деңгээлде аткарган автору Ян Ван Эйк болуп саналып калат.

“Гентский альтар” чыгармасында образдуу мазмундуулуктар бүктөмөй эки яруустуу 12 даана доскалардан турган атайын даярдалган материалдык каражаттарга аткарылат. Аларды ачып көргөндө атайын диний маанидеги ондогон сахналаштырылган сценаларды көрөбүз. Алардын маани-мазмунунда диний мазмундуулуктардын атайын тарыхый ireттүүлүктөрдөгү баалуулуктардан турган сюжеттерин түшүндүрүүчү таасир күчүндөгү чыгармалар аткарылган. “Искусство чыгармаларынын илимий баалуулугу анын мазмунундагы ашыкча ызуу-чуулардын жоктугу, башкача айтканда маанисиз (майда-баратка) чыгармалардагы мүмкүн болушунча чындык, далил жана реалдуулуктарга көңүл бөлүнүүсү менен түшүндүрүлөт”.[2]

Чыгарманын ортосунда христос тактыда олтурат, анын сол жана оң жактарында- Мария жана Иоанн Креститель турат, аларды тегерете ырдап жана музыкалык аспаптар менен обонго салып ангелдер жүрөт, алар арасында “Адам” жана “ Ева” образы да берилген.

Адам жана Еванын баш жагында илимпоздордун келбеттери чагылдырылган барьелефтери жайгаштырылган. Андагы эпизоддордо курмандыкка чалуу үчүн Каинди жана Авелияны алып келишкендигинин образдык кубулуштары берилет. Андагы курмандык сюжети катары Авелия чалынгандыгы, башкача айтканда дин жолунда киши өлтүрүүнүн образдуу көрүнүштөрү сүрөттөлөт. Бул чыгармадагы образдык персонаждардын жылаңач көрүнүштүү мүнөздөрү жана дене-түзүлүштөрүн жана ата-энелер образдарын таасирдүү берген сюжеттер аркылуу Ван Эйктин өтө жогорку чеберчилигиндеги аткарган искусстводогу чоң салмагы бар эмгеги экендигин байкай алабыз.

[1]Н.М.Сокольникова.История Изобразительного Искусства. М.,2009.с.152.
[2]Ю.Борев. Эстетика. М.,1975.с.22.

“Адам” дене-түзүлүшү дээрлик атайын жасалган дубал бетиндеги чуңкурчаларга (ниша) чыгып турган статуеткалардын образын жайгаштыруу аркылуу берилип, образдын маанисинде кишинин табиат алдындагы күнөөкөрлүгү символдук түрдө чагылдырылат.

Альтардын ички бөлүгүндө анын ылдыйкы регистринде Агнцуга иретинде табынуу, чокунуу (христостук символу) сахналаштырылган көрүнүшү сүрөттөлөт. Альтардагы бул негизги композициялык чыгарма аркылуу, анын борбордук бөлүгүндөгү байланышы “ Таза суу булагы” менен болот. Картинадагы сюжеттик чагылышуулар образдарындагы фонтан-христиан динин символу жана асмандагы учуп жүргөн көгүчкөндөр ыйык рухтун символу катары берилет.

Альтардык чыгарманын укмуштуу таасири, андагы сыйкырдуу табияттык чечмеленишин сырлары сыяктуу көрүнүштөрдүн бар экендиги да бекеринен эмес, башкача айтканда ар образдык сюжеттин баары жөн жерден болгон эместиги байкалып турат. “Сүрөтчү өзүнүн изденүүсү жана өзгөчө чыгармачылыгы менен жаралган композициясындагы сюжеттик персонаждарды жана жалпы окуялардын таасирдүү чагылышуусундагы ар бир аракетти жогорку денгээлде аткаруу үчүн ойломдун туу чокусундагы мүмкүнчүлүктөрдү билимдүү колдоно алуу менен картиналык маселелерди жигердүүлүктө чечүүгө жетишет”[3]. Агнцуга ырым-жырымын аткаруу үчүн храмды көздөй, кудай жолунда жүргөн адамдар жөө жүрүш жасап жакындап баратышат.

Демек бул картина аркылуу сүрөтчү өзүнүн дүйнө таанымы менен диний дүйнө таанымын айкалыштырып жаратуучунун ыйык белгилерин, сулуулуктун болумушун, жараткандын таасир күчү бар экендигине ишенүү маселелерин коюп, диний ойломдор, диний каада-салттар жана ошол доордун жашоосу, ишеничтери, салтуу иш-аракеттеринин образдуу кубулушатрынын мазмундуулуктарын чагылдыра алган.

Флоренсиялыктардан жана Мазаччодон айырмаланып, Ван Эйктин бул чыгармасынын маанисинде, андагы адамдардын дене-түзүлүштөрүнүн символдуу кыймылдарын байкаткан салттуу жүрүштөрдү аткаруу менен эле чектелген эмес. Анын чыгармасында аалам сырлары жана байланыштарынын таасирдүүлүктөрүн композициалык чечмелеништери каралган. Окуядагы талпынган эмгекчил аракеттери менен бирге андагы Алтарьдын ар бир сантиметрин, реалдуу көрүнүштө иштеп чыккан, көлөкө жарыктын чегине чейин жандуулуктар менен чагылдыра алган, персонаждардын кийим – кечелеринин фактуралардын жана башка өзгөчөлүктөрүн реалдуулук менен чагылдыргандыгы кызыкуу бир кубулуш.

“Сүрөтчү бул чыгармасындагы жалпы көрүнүштөрүнүн жана ар бир майда-барат көрүнүштөрүн биринчи пландан баштап, акыркы көрүнбөй калган пландарга чейин, горизонтук алыстыктагы коңгуроону кошо жалпы композициалык бирдиктүүлөргө чейин так, даана жана жогорку деңгээлде аткарат”[4]. Мына ошентип, “Гентский Алтарь” картиналык чыгармасы, макрокосмостук үлгү жана адамдык мамилелер менен кудай мамилелеринин ортосундагы байланыштарды көргөзгөн.

Ян Ван Эйктин чыгармачылык менен жаралган портреттеринде: “Канслер Рольендин Мадоннасы” жана “Арнольфинин үй бүлөсү”—деп аткалган чыгармалары өзгөчө чыгармачылык бийиктиктерде сүрөттөлөт. Бул чыгармалары аркылуу, сүрөтчү кайра жаралуунун картиналык чыгармаларына болгон мамилелери, өздүк көз карашы, жашоодогу

[3]Н.М.Сокольникова. Основы Композиции.М.,1996.с.36.

[4]Е.В.Шорохов. Копоция. М.,1979. с.12.

реалдуу образдарын өздөрү күзгүдөн көргөндөй абалда сүрөттөгөн. Өзүлөрүнүн образдары картиналарда чагылуусу, алардын дүйнө таанымдары жана жашоо шарттардын татаалдыктарынын системалуу образдуулуктары көрсөтүлгөн: адамдар бири-биринин көрүнүшүндө өздөрүнүн жүзүн көрүп жатышкандай жана айлана чөйрөдөгү предметтерде өздөрүнүн жашоо болумуштук тирүүчүлүк шарттарынын кубулуштарын көрүүгө умтулгандай түйүлөт. Образдар жана аталган ийкемдүү мамилелеш маселелердин картиналык сюжеттеринин көрүнүштөрүн чагылдырат.

Кайра Жаралуу доорундагы Италия сүрөтчүлөрүнүн портреттериндеги жандуу кыймылдарды камтыган образдарынын ордуна, Ван Эйк, кыялга батуу менен сырттан байкоо, терең сезимдерге бөлөнүү маселелерин коюуу менен бирге эле, адамзаттын сулуулукка болгон мамилелерин жана сезимдерин портреттик образдарында чагылдыра алган.

“Канцлер Ролендин Мадоннасы” (болжол менен 1435-ж) - аттуу чыгармасында, Мадоннанын образы чагылдырылган жана анын дене-түзүлүшүн чагылдырган турпатына донатор Канцлер Роллер баш ийип, төбөсүн ийип хандык уруп жатканы образдуу чагылдырылган. Мында толук көрүнүштөгү дене-түзүлүштөгү образдардын сюжеттери брилет. Образдык көрүнүштөрү бири-бирине симметриалуу мүнөздө сүрөттөлгөн.

Андагы киши образдарынын өзгөчөлүктүү мүнөзү кийим-кечелериндеги оймо чиймелердин мүнөздүүлүктөрү менен белгиленген көрүнүштөрү өтө таң калычтуу жана укмуштуудай таасирлерди берген образдарды жаратат. Натыйжалуу бул чыгармадагы образдуулуктарды витраждардын жана жерге төшөлгөн полдун татаал сүрөттөрүнүн жогорку тааталдыктагы чеберчиликтери менен иштелгендиги менен да байкаткан. Мында Ван Эйк чиркөөнүн ички бөлүгүн түзгөн дубалдардын үч катар аркалуу бөлүгүн жасалгаланган. Терезе тараптан байкалган алыскы кубулуштарды камтыган пейзаждык көрүнүнштөрдү, шаардык көрүнүштөрдү, суунун агымы менен биргеликте алыскы пландуулукка ээ болгон жалпы сюжетти көрсөтөт. Анда көпүрө жана адырлардын кубулуштары чагылыштырылат. Ушул көрүнүштөгү композициалык образдуу чыгармалардагы таасирлери, андагы көрүнүштөрдүн майда-чүйдөлөрүн жандуулуктары менен бирге эле,ар түрдүү болумуш кубулуштардын эринбестен сүрөтүн түшүрүп, аларга түстүү көлөмдүүлүктөрдүн жана жарык көлөкөлөрдүн образдарын берип чыгуу маселелери аркылуу мейкиндиктеги перспективалык кубулуштарын чечкен .

Бул – картиналык чыгарманын өзгөчөлүгү андагы түстүүлүктөрдүн жыштыгы жана бай көрүнүштөрүн карап турган адамга интерьердик жана пейзаждык бүтүндүктүн сезимин тартуулайт“. Арнольфини үй бүлөсү менен” аттуу портреттик чыгармасында (1434-ж), сүрөтчү тегерек күзгүнү экөөнүн ортосуна илинген абалында сүрөттөгөн. Алардын алдындагы, жандарындагы жана артындагы кубулуштардын реалдуу көрүнүшүн сүрөттөп, андан кийин күзгүдөгү кубулушун берүү менен бирге, жаш үй – бүлөнүн кутун көргөзгөндөй таасир бере алган. Чыгармадагы ар бир предмет аркылуу, сүрөтчү – бул соодагерлер үй-бүлөөсүнүн жашоо-шарттык абалын, мүмкүнчүлүктөрүн, алардын уктоочу бөлмөсүндөгү көрүнүшүндөгү образдуу мүнөздөрдү көрсөтө алган . Аялдын көкүрөк бөлүгүнөн ылдый тарабы сыртка көлөмдүү болуп чыгып туруусу жана бир колун ичине коюп тургандыгы менен, биз келиндин кош бойлуу экен деп түшүнөбүз. Ал абал, балким, көйнөгүнүн узундуктарынын топтомун бириктирип топтоп кармап турган болушу да мүмкүн, анткени ошол доордо ошондой узун көйнөк кийүү модалык көрүнүш бар эле. Ал эми чындыгында

жаңыдан турмушка чыкмакчы болуп турган болочоктогу жаш келин кенен көйнөк кийип жана атайын курсагына жастык коюп өзүн кош бойлуудай болуп көрүнүүсү ошол мезгилдеги жаш жубайлардын атайын ырым-жырымдык иш аракети болгон. Атайын кош бойлуудай болуп көрүнүү менен келечекте көп уул-кыздуу болобуз жана келечектеги жолдошума ыймандуу жар, балдарыма эне болуп берем деген ишеним көрсөтүүсү катары кабыл алынган. Демек экөөнүн никелешүүсү же макулдашуусун (памолвки) белгилөөчү күнүндөгү окуяга байланыштуу аткарылган кийинүүнүн атайын иш-аракеттик тартиби. Бекеринен экөөнүн ортосунда күчүк турган жок, себеби ит же күчүк, бири – бирине болгон ишеним жана туруктуулуктун символу (верность) катары каралган. Жердеги төрт жуп бут кийим, үйлөнмөкчү болуп жаткан жуптардын бирдиктүү өмүрүнүн символу катары берилип жана бул жерде экөөнүн никелешиүүсүн көрүп жана байкап турушкан башка күбөлөр да бар экендигин байкатып турат.  Илинип турган теспе бири-бирине болгон тазалык бийиктик жана жаман жүрбөө символу болуп саналат, шыпыргы- тазалыктын белгиси, тоголок күзгү- дүйнөнүн көзү,а алма күнөө жасоонун белгиси катары каралып, алманын сүрөттөлүшү аркылуу күнөө жасабайбыз деген ниеттерин байкаттышат жана башка маселелер коюлган дүйнөлүк искусстводогу өтө чоң философиялык мааниге ээ болгон эмгек болуп бааланат.

Укмуштуудай окшоштук менен сүрөттөлгөн кийимдеринин жана башка материалдардын кездемелик фактурасы, жүндүү кийим буюм-теримдер, люстра, терезе, иттин жүнү жана образы, килемдин оймо-чиймелеринин мүнөздөрү, үйдө кийгенге даярдалган бут кийиминин фасону жана башка үй – оокат, жашоо шарттарынын жандуулуктары жогорку даражада иштелген.

Картинадагы “Күзгү” фокусу өтө бир укмуш композициялык чечилиш болуп саналат. Себеби андагы образдуулуктардын негизинде жаш-жубайлар жана баардык бөлмө кубулуштарынын көрүнүштөрүнүн чагылуусу, күзгүнүн ичиндеги күзгүдө кайра эле жалпы көрүнүштөрдүн чагылуусу аркылуу образдуулуктардын кайталануусу жана андан аары бүткүс кайталануулар көрүнө берет”[5].

Сүрөтчү биринчилерден болуп, жашоо турмуштун  эң жөнөкөй шарттарынын образдарын жана күнүмдүк жашоо шарттык кубулуштарын сүрөттөдү. Атап айтып жаткан чыгармада бир да диний маани-мазмундардын образдары сүрөттөлгөн жок.

Сүрөтчү Ван Эйк – бул картиналык чыгармасы аркылуу, кийинки искусствого, Нидерландык искусство маданиятынын багыттык жолуна баштапкы жол салды. Ван Эйк дүйнөлүк искусство тарыхында алгачкы сүрөтчүлөрдөн болуп  май боёгу менен живопистик чыгармаларын аткарды. Ал эми сүрөтчү өз чыгармаларынын маани-мазмунунда түстөрдүн айкалыштыктарынын түрдүү гаммасынын биримдиктери жана жандуу чагылдырууларын мыкты аткаруу менен чыгарма жаратуудагы философиялык баалуулуктарга маани берүү аркылуу образдарды жаратуунун алгачкы баалуулуктарын жана сырларын жаратты . Ал эми Италия элинин темпера менен иштеген сүрөтчүлөрүнүн эмгектеринде, мындай мүмкүнчүлүктөр жок болчу. Сүрөтчү өз эмгектеринде май боёктору менен чыгарма жаратуудагы түстөрүң чагылышуу күчтөрүнүн  ар түркүн өзгөчөлүктөрүнө эксперименттик изденүүлөрдү жасагандыгы менен да баалуу чыгармачыл сүрөтчү катары дүйнөлүк искусстводо өзүнүн кадыр баркына ээ болуп турат.

**Колдонулган адабияттар:**

[5]М.Т.Кузминой, Н.Л.Мальцева. История зарубежного искусства. М.,1983.с.32.

1. Н.М.Сокольникова.История Изобразительного Искусства. М.,2009.с.152.
2. Ю.Борев. Эстетика. М.,1975.с.22.
3. Н.М.Сокольникова. Основы Композиции.М.,1996.с.36.
4. Е.В.Шорохов. Копоция. М.,1979. с.12.
5. М.Т.Кузминой, Н.Л.Мальцева. История зарубежного искусства. М.,1983.с.32.

**Рецензент: ф.и.д., профессор Мукасов Ы.М.**

УДК:745

**Иманалиева С.М.**
*И.Арабаев атындагы КМУнун, көркөм маданият жана билим берүү факультетинин,”көркөм өнөр жана дизайн” кафедрасынын окутуучусу*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАШОО-ТУРМУШУНДА КЕҢИРИ КОЛДОНУЛГАН БУЛГААРЫНЫ КӨРКӨМ ИШТЕТҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨ БААЛУУЛУКТАРЫ

*Ата-Бабаларыбыздын тарыхында кеңири белгилүү болгон, жашоо-турмушунда кеңири колдонулуп келе жаткан жана дуйнөлүк тарыхый баалуулуктары мурасы катары таанылып келе жаткан жыгач буюмдары жана тери буюм жана териден жасалган буюмдардын жаралуусундагы өзгөлүктөр. Аларды жаратуудагы иштөө ыкмалар, иштөө өзгөчөлүктөр жана иштөөдөгү жеке ар бир кесип ээсинин сырлары жөнүндөгү баалуулуктарын өздөштүрүдөгү илимий-теориялык кубулуштары жөнүндөгү маселери. Ошол эле баалуулуктардын жаралуусундагы эн бир жөнөкөй болгон иштөө ыкмалардан татаал болгон кубулуштарга карай жол алуу табышмактары жөнүндө ой толгоолор болду.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Көркөм колдонмо өнөрү, булгаарыны иштетүү, зергерчилик, оймо-чийме, көркөм искусство; методика, педагогикалык практика ж.б.*

**Иманалиева С.М.**
преподаватель кафедры ”ИЗО и дизайна” факультет искусства и образования
КГУ им. И.Арабаева

## ОСОБЕННОСТИ И ТВОРЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ ПРИ РАБОТЕ С КОЖЕЙ И ДЕКОРАТИВНО ХУДОЖЕСТВЕННОЕ НАПРАВЛЕНИЕ В ИСКУССТВЕ КЫРГЫЗСТАНА

*История человечества не раз доказало, что его существование на земле и деятельности которые были осуществленны своими же руками человечество очень велико. Особенно рукодельные творческие работы человечества в области искусства и в частности декоративно прикладного искусста, конечно же тут имеется в виду по отношению к мировому искусству, которое хранится в музеях мира не мало сделанные труды декоративно прикладного искусства. Целью исследования является выявление особенностей и тенденций развития декоративной обработки кожи, обоснование теоретических и научно-практических проблем и формирования в научных областях, эффективности и путей их развития на современном этапе. Для достижения поставленной цели в работе решены следующие задачи: изучение и анализ особенности исторического*